УЛУДАГ УНИВЕРСИТЕТИ ЖАРЫЯЛАРЫ

# 1-ЭЛ АРАЛЫК БАЙЫРТАДАН БҮГҮНКҮГӨ ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗ -ТҮРК МАМИЛЕЛЕРИ СИМПОЗИУМУ ДОКЛАДДАРЫ

## (3-5-МАЙ 2013, БУРСА)



Китепти басмага даярдаган жана редактору
Проф. Д-р Гүлзура Жумакунова

**БУРСА – 2016**

## СИМПОЗИУМДУН УЮШТУРУУ КОМИТЕТИ:

Төрайым : Проф. Д-р Гүлзура Жумакунова (Анкара университети)

Мүчөлөр: Айбек Сарыгулов (КДМК төрагасы)
Проф. Д-р Асим Йедийылдыз (Улудаг университети, ТҮДАМ башчысы)
Проф. Д-р Анварбек Мокеев (Кыргыз-Түрк Манас университети проректору)
Доц. Д-р Жафер Чифтчи (Улудаг университети)
Доц. Д-р Жылдыз Узакова (Кыргызстандын Түркиядагы Элчилигинин кеңешчиси)
Доц. Д-р Гүлниса Айнакулова (Гази университети)
Абдрасул Исаков (КДМК Башкаруу Кеңеши мүчөсү)

Симпозиумдун жооптуу катчылары:
Д-р Илхами Оручоглу (Улудаг университети)
Элдар Орозалиев (КДМК жооптуу катчысы)

## СИМПОЗИУМДУН ИЛИМИЙ КЕҢЕШИ:

Проф. Д-р Абдуллах Гүндогду (Анкара университети, Түркия)
Проф. Д-р Анварбек Мокеев (Кыргыз-Түрк Манас университети, Кыргызстан)
Проф. Д-р Ариф Чаглар (Хажеттепе университети, Түркия)
Проф. Д-р Виктор Бутанаев (Хакас мамлекеттик университети, Орусия)
Проф. Д-р Гүлзура Жумакунова (Анкара университети, Түркия)
Проф. Д-р Дөөлөтбек Сапаралиев (Кыргыз-Түрк Манас университети, Кыргызстан)
Проф. Д-р Кыяз Молдокасымов (Кыргыз тарых коому, Кыргызстан)
Проф. Д-р Мехмет Үнал (Башкент университети, Түркия)
Проф. Д-р Олжобай Каратаев (Кыргыз-Түрк Манас университети, Кыргызстан)
Проф. Д-р Осмонакун Ибраимов (Кыргыз-Түрк Манас университети, Кыргызстан)
Проф. Д-р Решат Генч (Гази университети эмгек ардагери, Түркия)
Проф. Д-р Саадеттин Гөмеч (Анкара университети, Түркия)
Проф. Д-р Сейфуллах Чевик (Гедиз университети, Түркия)
Проф. Д-р Токторбек Өмүрканов (Жусуп Баласагын кыргыз мамлекеттик университети, Кыргызстан)
Проф. Д-р Тынчтыкбек Чороев (Кыргыз тарых коому, Кыргызстан)
Проф. Д-р Үчлер Булдук (Анкара университети, Түркия)
Проф. Д-р Юрий Худяков (Новосибирск мамлекеттик университети, Орусия)
Доц. Д-р Мурат Кожобеков (Кыргыз-Түрк Манас университети, Кыргызстан)

# МАЗМУНУ

## БАЙЫРКЫ ДООР

**КИРИШ СӨЗ ........................................................................................ IX**

**АЧЫЛЫШ. ........................................................................................XII**

**ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕМЬЕР-МИНИСТРИ РЕЖЕП ТАЙЙИП ЭРДОГАНДЫН КУТТУКТОО ТЕЛЕГРАММАСЫ ........................................................................ XXI**

ТҮРК КИМДИГИНДЕ ЖЫЛКЫ ЖАНА ЖЫЛКЫЧЫЛЫК (КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫ МИСАЛЫНДА)

***Кайрат Белек ..........................................................................3***

БАЙЫРКЫ ТҮРК ДООРУНДА КЫРГЫЗДАРДЫН ЭТНИКАЛЫК МЕКЕНИ ЖАНА ТИЛИ ТУУРАЛУУ ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫН МААЛЫМАТТАРЫ

***Виктор Бутанаев ..........................................................................15***

ЭНЕСАЙ КЫРГЫЗ КАГАНАТЫ ЖАЗМА БУЛАКТАРДА

***Ирина Бутанаева..........................................................................25***

КӨКТҮРКТӨР ЖАНА УЙГУРЛАР МЕЗГИЛИНДЕ КЫРГЫЗДАР

***Саадеттин Гөмеч..........................................................................39***

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ НЕСТОРИАН-ТҮРК ЖАЗУУ ЭСТЕЛИКТЕРИ (XIII-XIV КЫЛЫМДАР)

***Четин Жумагулов ..........................................................................51***

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮ БААМЫНАН “ОГУЗ КАГАН” ДАСТАНЫ

***Гүлзура Жумакунова..........................................................................61***

КРАСНАЯ РЕЧКА - ШАМШЫ АЙМАГЫНДА САК, КӨКТҮРК ТҮРГӨШ (РУНИК ЖАЗУУЛУУ) ЖАНА КАРАХАНДЫКТАР МАДАНИЙ ЧӨЙРӨСҮНӨ ТИЕШЕЛҮҮ ОКТОР, ТЫЙЫНДАР, ТАБЫЛГАЛАР

***Мустафа Калкан..........................................................................71***

ТҮРКТӨРДҮН ТАРЫХЫЙ ТАГДЫРЫНА БУРУЛУШ КИРГИЗГЕН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭКИ ОКУЯ (VI-VIII КК.)

***Ташмамбет Кененсариев ..........................................................................93***

КЫРГЫЗ ЖАНА ОГУЗДАРДЫН ЭТНИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫНЫН БАШАТЫ ТУУРАСЫНДА

***Муратбек Кожобеков ..........................................................................121***

БАЙЫРКЫ ТҮРК ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗСТАН
(VI – XII кк.) (САЯСИЙ ТАРЫХЫНАН ШТРИХТЕР)

***Сыдык Смадияров*......................................................................135**

ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ТҮРКТӨРДҮН, КЫРГЫЗДАРДЫН
АРХЕОЛОГИЯЛЫК БУЛАКТАРЫ

***Кубатбек Табалдиев*....................................................................147**

КЫРГЫЗ КАГАНАТЫНЫН УЛУУ ДЕРЖАВА
ДООРУНДАГЫ ЧЕК АРАЛАРЫ

***Василий Ушницкий*.....................................................................153**

КЫРГЫЗ КУРАЛ-ЖАРАКТАРЫНЫН IX-XII
КЫЛЫМДАРДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

***Юрий Худяков*..............................................................................163**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН БАШАТЫ:
БАЙЫРКЫ ДООР ЖАНА ОРТО КЫЛЫМДАРДЫН
ЭРТЕГИ МЕЗГИЛИ

***Тынчтыкбек Чоротегин*..............................................................173**

## ОРТО КЫЛЫМ

“АЗИЯДА БЕШ ТҮРК” КИТЕБИ МААЛЫМАТТАРЫ БОЮНЧА
1916-ЖЫЛКЫ КӨТӨРҮЛҮШ

***Роза Абдыкулова*..........................................................................193**

XVII- XIX КЫЛЫМДАР ОРТОСУНДА БОРБОРДУК АЗИЯ
КӨЧМӨНДӨРҮНҮН НАЙЗА САЛГЫЛАШЫНДА КОЛДОНГОН
ЫКМАЛАРЫ

***Леонид Бобров / Алексей Пронин*..............................................203**

XVIII КЫЛЫМДАГЫ ЕВРОПАЛЫК ОКУМУШТУУЛАРДЫН ОРТО
КЫЛЫМДАГЫ ЭНЕСАЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН СОГУШТУК ИШ-
АРАКЕТТЕРИ БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ

***Алиса Борисенко*..........................................................................213**

КЫРГЫЗДАРДЫН XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОСУНДА ЧЫГЫШ
ТҮРКСТАНДЫН ИЧКИ САЯСИЙ ИШТЕРИНЕ КАТЫШУУСУ

***Үчлер Булдук*.................................................................................223**

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЙГОНУУСУ ТУУРАЛУУ

***Абдуллах Гүндогду*.......................................................................235**

КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ИЗНИК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ
ОКШОШ ЖЕР АТТАРЫ

***Абдрасул Исаков*...........................................................................253**

ИЗНИКТЕГИ КЫРГЫЗДАР КҮМБӨЗҮ

***Селда Калфазаде*** ......................................................................**269**

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА ОГУЗДАРДЫН ДИНИЙ
ИШЕНИМДЕРИНИН ПАНТЕОНУ:
УМАЙ ЭНЕ КУЛЬТУ

***Олжобай Каратаев*** ..................................................................**277**

XIX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ ТАРЫХЧЫСЫНЫН
КӨЛӨМДҮҮ КОЛ ЖАЗМАСЫ ТҮРКИЯДА САКТАЛГАН

***Кыяз Молдокасымов***..................................................................**287**

КЫРГЫЗ-ТҮРК ЖАЛПЫЛЫКТАРЫНЫН
БАЙЫРКЫ БАШАТТАРЫ

***Абдымиталип Мурзакметов*** ..........................................................**297**

ЭНЕСАЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН XVII КЫЛЫМДАГЫ
САЯСИЙ-СОЦИАЛДЫК ИШМЕРДИКТЕРИ

***Тимурлан Оморов***.......................................................................**307**

XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ТҮРК САЯСИЙ
БАЙЛАНЫШТАРЫ ТУУРАЛУУ ОРУС АРХИВДЕРИНЕН
ТАБЫЛГАН ЖАҢЫ МААЛЫМАТТАР

***Дөөлөтбек Сапаралиев*** ...................................................................**313**

ИЗНИК ТАРЫХЫНДА ТҮРКТӨР ЖАНА
КЫРГЫЗДАР КҮМБӨЗҮ

***Сезаи Севим*** ..............................................................................**323**

## ЖАҢЫ (ЭГЕМЕНДИК) ДООРУ

ТҮРКЧӨ-КЫРГЫЗЧА КОТОРМОЛОРДОГУ
АЙРЫМ ПРОБЛЕМАЛАР

***Таалай Абдиев***...........................................................................**345**

БУРСА УЛУДАГ УНИВЕРСИТЕТИНДЕ БИЛИМ АЛЫП
ЖАТКАН КЫРГЫЗ СТУДЕНТТЕРИНИН ТИЛ БОЮНЧА
ТҮШҮНҮКТӨРҮ ТУУРАЛУУ

***Минара Алиева*** .........................................................................**353**

ТҮРКИЯ-КЫРГЫЗСТАН МАМИЛЕЛЕРИ
(ЭГЕМЕНДИКТЕН КИЙИН)

***Ибрахим С. Жанболат***...................................................................**365**

ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА ТҮРКИЯ МЕНЕН
КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК
МАМИЛЕЛЕРИ

***Мехмет Йүже***............................................................................**375**

КЫРГЫЗДАР ЖАНА ТҮРКИЯГА КӨЧ

***Тажыгүл Күнтүз*****......................................................................393**

ТҮРКИЯДА БИЛИМ АЛГАН КЫРГЫЗСТАНДЫК АСПИРАНТ ЖАНА ДОКТОРАНТТАРДЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***Гүлдана Мурзакулова*** **..........................................................................399**

"ТҮРКИЯ- ТҮРК ДҮЙНӨСҮ БИЛИМ ПРОЕКТИНИН" КЫРГЫЗСТАН -ТҮРКИЯ МАМИЛЕЛЕРИНЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

***Мирбек Океенов*** **...............................................................................411**

УЛУУ ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЖАКЫН ТАРЫХЫ ТУУРАСЫНДА

***Четин Пекачар*** **................................................................................415**

ТҮРКИЯ - КЫРГЫЗСТАН АРАСЫНДАГЫ МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА ТҮРКСОЙДУН ЭКИ ӨЛКӨ КЫЗМАТТАШТЫГЫНА КОШКОН САЛЫМЫ

***Фырат Пурташ / Ахат Салихов*****.......................................................427**

ТҮРКИЯ МЕНЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮ

***Разак Сайдилканов*** **..........................................................................433**

ТҮРКИЯДАГЫ КЫРГЫЗСТАН ЖАНА КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ЖАНА ТААНЫТЫМ ИШТЕРИНЕ КӨЗ КАРАШ

***Жаштегин Тургунбаер*** **......................................................................439**

АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ-ТҮРК МАМИЛЕЛЕРИ

***Жылдыз Узакова*****................................................................................445**

1-ЭЛ АРАЛЫК БАЙЫРТАДАН БҮГҮНКҮГӨ ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗ-ТҮРК МАМИЛЕЛЕРИ СИМПОЗИУМУНУН ЖАБЫЛЫШЫ.......................................................................................449

1 - ЭЛ АРАЛЫК БАЙЫРТАДАН БҮГҮНКҮГӨ ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗ -ТҮРК МАМИЛЕЛЕРИ СИМПОЗИУМУНУН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ................................................................................459

КАТЫШУУЧУЛАРДЫН ДАРЕКТЕРИ...................................................463

# КРАСНАЯ РЕЧКА - ШАМШЫ АЙМАГЫНДА САК, КӨКТҮРК ТҮРГӨШ (РУНИК ЖАЗУУЛУУ) ЖАНА КАРАХАНДЫКТАР МАДАНИЙ ЧӨЙРӨСҮНӨ ТИЕШЕЛҮҮ ОКТОР, ТЫЙЫНДАР, ТАБЫЛГАЛАР

*Мустафа Калкан*[*]

Көч жолдорунда орун алган Теңир-Тоодо б.з.ч. 2000-жылдардан тартып (коргондордо жана отурукташкан аймактарда) табылган табылгалар бул аймактын өтө эски доорлордон бери жайгашуу аймагы болгонун көрсөтүп турат. Өзгөчө Андронов маданий чөйрөсү (б.з.ч. 1700-1200) ичинде орун алган аймактын коло дооруна тиешелүү болушуна байланыштуу, баалуу курал - жарак табылгаларын камтыганын жана Сокулуктан табылган ок, найза, балта жана күзгү сыяктуу буюмдардын аз учураган архелогиялык табылгалар экендигин байкоо мүмкүн.[1] Ошол эле учурда "алтын доор" катары да билинген бул убакта "жаныбарлар стили" өнөрүнүн өтө майда деталдары менен аз учураган өрнөктөрүн жолуктурууга болот.[2] Шедевр катары кабыл алынган табылгалар Түштүк Сибирь, Чыгыш Европа, Теңир - Тоо жана Казакстандын талааларынан табылып, бүгүн Эрмитаж, Британия музейи жана башка Европа музейлеринде орун алууда.

Аймактан табылган табылгалар колдонулган металл буюмдардын стилистикалык жактан Саян-Алтай аймагы менен байланышы бар экендигин жана тынбай уланып турган көчтөргө байланыштуу аракеттүүлүк дайым болуп турганын тастыктайт. Бул доордон баштап Энесай-Минусин-Саян-Алтай аймагы менен үзгүлтүксүз байланыш уланып келген жана археологиялык казууларда Түштүк Сибирь – Түштүк Монголияда табылган табылгалардын дал өзүндөйлөрү Теңир - Тоодо да табылган. Бул табылгалар айрым учурларда колдонулган металлдын түрүнө жараша айырмачылыктары (коло табылганын жыгачтан же алтын табылганын күмүштөн жасалганы) болгонуна карабастан жасалуу техникасы жана өнөрү жагынан бир кишинин колунан чыккан сымал таң каларлык окшоштуктарга ээ.

Негизинен көп убакытка созулган казуулар же изилдөөлөр керектүү натыйжаларды берет жана ошондой эле мында изилденип жаткан тема боюнча аз учураган маалыматтарды кийинки муундарга өткөрүп

---

[*] Доц. Д-р милд. атк., Каратегин университетинин окутуучусу.
Түркчөдөн кыргызчага Рахат Абдиева тарабынан которулду.

[1] Бернштам А.Н., *Археологический очерк Северной Киргизии.*- Фрунзе, 1941. 115-б; Ögel B., *İslamiyetten Önce Türk Kültür Tarihine Giriş.*- Ankara, 1991. 24-б.

[2] Мокрынин В.П., *По следам прошлого.* - Фрунзе, 1986. 20-56-б.

берүү мүмкүмчүлүгүн сунган бай маалымат топтолот. Айрым учурларда көптөгөн жылдар бою уланган жана окумуштуулар өмүрлөрүн арнаган изилдөөлөрдө күтүлгөн археологиялык табылгаларга жетпей калган учурлар да болот. 16 жылдан бери уланып жаткан этникалык тарых изилдөөлөрүбүз боюнча Казакстан жана Кыргызстанда көптөгөн расмий жана расмий эмес казууларга катыштык. Археологдор, антропологдор жана кенч издөөчүлөр менен бирге казуу жүргүзүлгөн жерлердеги киши скелеттерин изилдеп жатып күтүүсүз табылгаларга туш болдук. Ал эми андан мурда көп убакыт бою ак сөөктөрдүн коргондорунда же жөнөкөй эле кишилердин мазарларында бракисефаль же монголоид кишинин скелеттерин издегенбиз. Бирок сак, гунн жана көктүрк доорлоруна тиешелүү  аз гана санда скелет табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук, өзгөчө скиф дооруна тийиштүү эч кандай скелет өрнөгүнө туш болбодук. Колубуздагы табылгалар кенч издөөчүлөр аймакты өтө жакшы билгендиктен, алар менен бирге барган казууларда жана кийин жүргүзүлгөн казууларда табылган  табылгалардан да турат.

Археологдор, антропологдор жана кенч издөөчүлөр учу-кыйыры жок талааларды казуу зарылчылыгына карабастан акыркы технология менен иштелип чыккан детекторлорду колдонуу менен бул иштин биринчи процессин улантышууда. Детекторлордун жардамы менен мазар, чеп, сепил же отурукташуу аймактарындагы коло, алтын жана күмүш металлдарды жердин бетине 1.5 см - 2.00 метр же 2.50 см жакын тереңдиктен табууга болот. Бул металлдар болгон жерлерде кишилердин сөөктөрү да бар экени же боло тургандыгы жөнүндөгү пикирден улам казуулар жасалган. Мазарларда жүргүзүлгөн казууларда киши сөөгүн издеп жатып, күтүлбөгөн жерлерде көптөгөн табылгаларга туш болдук. Казууга катышпай, бирок кийинчерээк мазарлардын өзгөчөлүктөрүн белгилеген соң кенч издөөчүлөрдөн алган (сатып алынган же сүрөткө тартып алынган) табылгаларыбыз да бар.

Акылы жана тажрыйбалары менен профессионалдашып калган кенч издөөчүлөр көптөгөн аймактарда мындай калдыктарды белгилеп, казган жерлеринин көбүнөн ар кандай табылгаларды таап алышууда. Мындай казуу иштерин жүргүзгөндөрдүн 90%ин орустар түзөт, булардын айрымдарынын археологиялык билими бар болсо, айрымдары бул ишти өздөрү өздөштүрүп алган. Калгандары болсо, жергиликтүү калктан. Орустардын археологиялык билимдери жана көркөм өнөр жагынан маданий деңгээлдеринин да жогору болушуна байланыштуу 1991-жылдан бери (көз карандысыздыктан кийин) 20 жылдан ашык убакыт бою аймакта казуу иштерин улантып келе жаткандарын көрүүгө болот.

Бул казуулар маданий жактан мыйзамдуу эмес, бирок укуктук жактан кылмыш элементин түзөрүн тастыктаган эч бир мыйзамдык документ да жок. Көз карандысыздык алынгандан кийин да эч кандай мыйзам долбоору даярдалып жүзөгө ашырылган эмес. Казакстан жана Кыргызстанда бардык антиквардык буюм саткан дүкөндөрдөн бул

табылгаларды сатып алууга же Маданият министрлигинен алына турган уруксат кагазы менен (өтө сейрек буюм болбосо) чет өлкөгө алып чыгууга болот. Мындай жол менен жүргүзүлгөн казуу иштери жана чет өлкөлөргө алып чыгылган табылгалар заманбап дүйнөдө маданий талап-тоноо болуп саналат. Биздин өлкөбүз да 250 жыл бою - Осмон Мамлекети доорунан бери дал ушундай жол менен маданий талап- тоноолорго туш болуп келди.

Красная Речка (эски аты Навекат) Бишкек шаарынан 30 чакырым узактыкта, Шамшы Бишкекке 110 чакырым узактыкта жана ушул эле маданий чөйрөдө орун алган. Бул аймактар илгертеден бери эле маанилүү отурукташуу аймактары болуп эсептелип келет. Географиялык жактан ар башка, бирок маданий чөйрө жагынан бирдей өзгөчөлүккө ээ болгон бул эки аймактан тышкары Талас, Жалал-Абад, Ош, Өзгөн, Ысык-Көл, Нарын жана Кара-Балта шаарларында отурукташуу борборлорунун тышында ушул эле доорго тиешелүү жогорудагыларга окшош табылгалар табылган.[3] Табылгалар жүздөгөн жана миңдеген санда жана өтө көп түрдүү. Кыргызстан жана Казакстанда казуу жүргүзүлгөн ар бир жерден тарыхтын издери атылып чыгып, бул аймактын канчалык бай экенин көз алдыбызга тартып турат.[4]

Казуу иштеринде ар башка доорлорго тиешелүү ок учтары, металл буюмдар жана тыйындар табылган. Хронологиялык процесске карата баяндай турган болгондуктан скифтерге тиешелүү октор жөнүндө маалымат берип жатып, тыйындар жөнүндө да сөз кылууга туура келет. Ушундан улам угуучуларыбыз көңүлдөрүн мамлекеттерге буруулары зарыл.

Биринчи казуу жүргүзгөн жерибиз - Красная Речка аймагы археологиялык жактан бүгүнкү Бишкектин айрым жерлерин да ичине камтыган казуу аймагы болуп саналат. Ысык-Көлгө бараткан жолдо орун алган жергиликтүү пункттарда, Новопокровка жана андан кийинки жерлерде көктүрк, түргөш, карлук жана тухустарга тиешелүү октор, канжарлар жана тыйындар табылган. Бул аймакта биринчи жолу көрүлгөн буюмдардын табылуусу аябагандай кызыгуу жаратты. Аймакта миңдеген (ондогон килограмм) түргөш, тухус тыйындарынын табылышы адатка айланып калгандыктан мындай окуяларга анчалык чоң маани берилбейт. Айрым учурларда мазарлардан аз учураган буюмдар табылып, кайрадан аймакка көңүлдөрдү бурат.

Бишкектен Ысык-Көлгө бараткан жолдо Красная Речкадан 35 чакырым өткөндөн кийин (Ивановкага 5 чакырым жетпей) солго карай кеткен жолдон 4-5 чакырым жүргөн соң шаар калдыктары сымал көрүнгөн жерге баруучу болот. 1.50 см -2 метрге чейин тереңдикте орун алган 2x2

---

3 Рымбекова Н., *Историко-культурные памятники Приисcыкулья.* - Бишкек, 2000. 10-19-б.


4 Aşık A., *Kırgızistan'daki Kazı Bölgeleri ve Bu Kazıların Değerlendirilmesi,* Yayınlanmamış Master Tezi. - Bişkek, 2006. 15-б.

өлчөмүндөгү бир мазар табылган. Бул мазарда жүргүзүлгөн казуу иштеринде айрым буюмдар менен акчаларда күйүк издери табылган. Мазардын ичиндеги буюмдардын көпчүлүгү күйүп кеткен. Кишинин сөөгү зыян тарткан эмес жана ошондой эле тегерегинде керамикадан жасалган ар түрдүү идиш-аяктар табылган.

Керамикалар, шакектер, тыйындар жана башка буюмдар дыкаттык менен изилденген соң II. Көктүрк (Кутлук) Кагандыгы дооруна туура келген жана руникалык жазмалары болгон тыйындар чыккан мазар экендигин белгилөөгө болот. Ошондой эле көктүрктөрдүн батыш канатын түзгөн он окторго (он жебелүү эл)[5] же болбосо түргөштөргө да тиешелүү болушу мүмкүн. Мазарда табылган аялдын колдору көкүрөгүнө кайчылашкан абалда болуп, сөөктө эч кандай жабыр көргөн издер же кесик көрүлгөн эмес.



Руник жазуусу болгон шакектин алдында орун алган кочкор тамгалуу шакектин диаметри 23 мм, оордугу 4,7829 гр; руник жазуусу болгон шакектин диаметри - 22,5 мм, оордугу болсо 3,2595 гр.

Сөөк жаш аялдын сөөгү болуп (бою 1.70 смге жакын), колундагы шакектердин бирөө стилистикалык жактан Түргөш-Арсланид династиясынын өкүлдөрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ. Руник жазуулуу жана ( M  M) тамгалары жазылган шакек өзгөчө дизайн жана жазуу стилинде жасалган. Бул шакек нике шакеги тагылган манжага, экинчиси болсо, экинчи колдогу аты жокко тагылган. Шакектин үстүндөгү жазуулардан тышкары манжанын эки тарабына туш келген тараптарында ок белгисинен турган ( K) тамгасы жазылган. Айлана түрүндөгү чамбарда үстүнкү каш төрт бурч түрүндө иштелген, жазуулардын айрым бөлүктөрү өчүп калган болсо да, окууга болот. Жазууну тереңирээк изилдөө үчүн руник жазуу адистеринин темага байланыштуу изилдөөлөрүнө зарылчылык бар. Бул жазуулардын тамга катары кайсы урууга тиешелүү экенин аныктоо үчүн өлгөн аялдын же жолдошунун аты жазылган текст окулуп чыгылышы керек. Бул маселе ушу сымал шакек тапкан же бул тармак боюнча изилдөө жүргүзгөн адистер чече турган маселе сыяктуу көрүнөт.

---

[5] Karayev Ö., *Türkler ve Kağanlıkları,* Akt: M. Kalkan. - İstanbul, 2008. 42-б.

Аялдын экинчи колундагы шакек болсо, Жети-Суу-Чу аймагына тиешелүү стилистикалык өзгөчөлүктөргө ээ. Шакекте кочкордун башынын формасында жасалган жана төрт тарабында да бир эле элементтен турган кооздоо ыкмасы колдонулган. Кочкордун башынын белгиси бир уруунун эн тамгасы катарында же кооздук берүү максатында колдонулган болушу мүмкүн. Мазардын ичинде жана ага жакын жерлерде табылган 13 арсланижана 31 түргөш тыйыны аймактын канчалык бай болгонун көрсөтүүсү жагынан чоң мааниге ээ. Ушул эле жерде 20 тухус тыйынынын табылышы бул аймактын ордо калаа, маанилүү соода жана диний борбор катары колдонулгандыгы жөнүндөгү пикирди күчтөндүрөт. Бул аймак жана мындагы шаардын калдыктары боюнча Л. Зяблиндин 1960-жылдары жүргүзгөн изилдөө иштеринде, кийинчерээк Горячеванын изилдөөлөрүндө мындай пикир негизинен тастыкталган.[6]



Руник R жазуулуу топчунун узундугу 14 мм, эни 14 мм, оордугу 3,3267 гр.

Мазарда табылган көйнөктүн топчуларындагы жазуулар башта байкалбай, кийин трилон б менен тазаланган соң көрүндү. Бул топчулар башка жерлерде эркектердин мүрзөлөрүндө табылса, бул жерде аялдын мүрзөсүнөн табылганы кызыгуу туудурат. Мындай эркек топчуларын дыкаттык менен изилдей турган болсок,  R тамгасын көрүүгө болот. Бул тамганын төмөн карап турган канаттарына карап анын Талас руник жазуусуна окшогонун белгилөөгө болот.[7] Бул жагдай жазуунун Теңир-Тоодогу Талас руник жазуулары менен бирдей стилде жазылганын көрсөтүп турат. Энесай жазма эстеликтери менен Орхон жазма эстеликтери арасындагы айырмачылыктар Талас жазма эстеликтерин айырмалоо үчүн жеңилдик берет.

---

6 Зяблин Л., *Второй буддийский храм Ак-Бешимского городища.* - Фрунзе, 1961. 44-45-б.

7 Батманов И.А., *Язык енисейских памятников древнетюркской писменности.* - Фрунзе, 1959. 17-б.



Үстүндө жазуусу бар шакек менен капталдарында руник белгилер орун алган топчулар

Бул көрүнүш руникалык жазуунун аймакта табылган тыйындарда көрүлгөн формасынын бул чөлкөмдө кеңири колдонулганына ышаарат кылып турат десек болот. Мазардын ичинде ушул эле стилде даярдалган, узундугу 14,5 мм, эни 14 мм, оордугу 2,9732 гр болгон топчулар да табылган. Бирок сөөктүн үстүндө кандайдыр бир кийим же кийимдин калдыктары көрүлгөн эмес. Ошол эле учурда тыйындарда кездешкен согду жазмасы Иран тектүү калктардын жакын географиялык аймактагы Фергана жана Тарым өрөөндөрүндө жашаганын жана тилдеринин да кеңири колдонулганын айгинелейт. Бул калктар ошондой эле Жибек Жолу жана ушул сыяктуу башка соода жолдору өткөн шаарларда жашаган. Көктүрктөр, түргөштөр, карлуктар жана башка түрк элдери менен бир чөлкөмдө жашап, соода менен алектенген колония шаарларын курушкан.[8] Булардын арасынан эң маанилүүлөрүнөн бири Красная Речка болуп саналат. Тыйындарда жана башка тексттерде руникалык жазуу менен бирге согду жазмасынын кездешүүсү мунун таасын көрсөткүчү болуп саналат.

Ошол эле мазарлардан (Красная Речка) чыккан курдун алтын менен капталган тогоосу таң каларлык чеберчиликтеги кооздоо өнөрүн жана жаныбар стилинин аз кездешкен түрүн камтышы менен башкалардан айырмаланат. Ушул эле буюмдун башка бөлүктөрү да алтын менен капталып, куштардын сүрөтү тартылышы менен кызык.

8 Худяков Ю.С., *Вооружение и военное дело кочевников Сибири и Центральной Азии.* - Новосибирск: НГУ. 2007. 33, 75-б.



Узундугу 33 мм,эни 33 мм, оордугу 24,3719 гр.

Скифтердин көркөм өнөрү менен согуш куралдарынын жайылыш чөлкөмү Түштүк Сибирь, Монголия, Жети - Суу, Казакстандын талаалары, Урал тоолору жана Чыгыш Европага чейин жайылат. Ал тургай б.з.ч. VII-VI кылымдарда Месопотамия, Сирия, Египеттеги отурукташкан аймактарда, шаарлардын сепилдеринде скифтер колдонгон түрдөн коло ок учтары жана башка куралдар табылган.[9]

Скифтер жаныбарлар стилин колдонуу менен жасалган көркөм өнөр буюмдары жана согуш технологиялары менен эле таанылбастан, ошол эле учурда жергиликтүү уруулар менен бирге жашагандары жана римдиктер менен соода байланыштары болгону үчүн эски доорлордон бери эле акча колдонгондору менен да таанылган.

Мелюкова бул мезгилде колдонулган алгачкы скиф акчаларынын б.з.ч. 200-жылдары грек шаарларынын бири болгон Ольвияда Сикилирус тарабынан бастырылганын белгилейт. Скифтердин акча бастыруудагы негизги максаты өздөрү курган кеме флоттору менен айыл чарба азыктарын Жер Ортолук Деңизинин базарларына жеткирүү жана жергиликтүү калк менен соода байланыштарын түзүү болгону айтылат.[10] Каракол жана Талас аймактарында көп табылган скиф тыйындары да абдан кызыгуу туудурат. Ушундай эле тыйындарды Бишкектеги айрым нумизматтарда да кездештирдик.

[9] Melyukova A.İ., "İskitler ve Sarmatlar", Çev. A. Şenel, Der. D. Sinor, *Erken İç Asya Tarihi*.- İstanbul, 2009. 144-б.

[10] Melyukova A.İ., "İskitler ve Sarmatlar..., 144-б.

Б.з.ч. 118-жылдардан баштап Хан Династиясына тиешелүү тыйындардын Жети-Суу жана Тянь-Шань тоолорунун чөлкөмүндө колдонула башташы кызыгуу туудурса, индо-скифтерге тиешелүү жана бетинде грек жазуусу болгон тыйындардын соода-сатыкта король I. Азес жана король Азилис мезгилинде (б.з.ч. 57-35) кездешүүсү таң калаарлык. Бул да скифтердин түздөн түз же кыйыр түрдө соода-сатыкка аралашканын көрсөтүп турат. Адабий тилин колдонбогондоруна карабастан, грекче тыйын бастыргандарын мунун далили катары кароого болот.[11]



Скиф тыйындары

Скифтерге тиешелүү коло тыйындын узундугу 23,5 мм, оордугу 7,7288 гр. Коргондордо табылган тыйындын бетинде скиф королунун аты жана колундагы бүркүт менен аң уулоого чыкканы, ошондой эле таштын үстүндө отурган Геркулес чагылдырылган.

Аймакта табылган жана баяндала турган өтө көп табылга бар, бирок негизги темабыз болгон окторго дароо өтпөсөк, 10-15 мүнөттүк убакыт жетпей калуусу ыктымал.



Б.з.ч. VI-V кылымдарга тиешелүү биринчи (прототип)скиф коло ок өрнөгү.

Уз. 96 мм,эни 18,5 мм,оорд. 8.5086 гр.

[11] Melyukova A.İ., “İskitler ve Sarmatlar..., 155-б.



Б.з.ч. III-II-б.з.VI-VII кылымдарына тиешелүү өнүктүрүлгөн скиф жана гунн коло ок өрнөктөрү

Уз. 37 мм, эни 8 мм,оорд. 3.6245 гр;Уз. 29,5 мм,эни 10,8 мм,оорд. 5.5372 гр;

Уз. 40,5 мм,эни 12,8 мм,оорд. 4.2787 гр.

Жогорудагы октор Ю.С.Худяков тарабынан түрү жана колдонулуш жаатына карата сүрөттөлүп, казуу иштерибизде табылган түрлөрдөн биринчиси Таштык огу, экинчиси гунн огу, үчүнчүсү Монголия-Забайкалье түрү деп бөлүштүрүлгөн.[12] Бул аныктоолор казууларда табылган миңдеген октордун негизинде жасалып, табылган жерине карата таблица түрүндө сүрөттөлгөн.

[12] Худяков Ю.С.,*Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии.* - Новосибирск, 1986. 40-41,69,93,105-б.



Скифтер менен гунндарга тиешелүү ар кандай стилде жасалган октор

Уз. 34,4 мм, эни 9,8 мм, оорд. 4, 8536 гр;Уз. 42,3 мм, эни 13 мм, оорд. 6,9833 гр;
Уз. 46,2 мм, эни 16,5 мм, оорд. 8,0367 гр**.**

Жогорудагы октор Ю.С. Худяков тарабынан типтерине жана колдонуш тармактарына жараша классификацияланган жана казууларда табылган октордун биринчи түрүн Таштык огу, экинчисин гунн огу, үчүнчүсүн Монголия – Забайкалье тибинде деп айырмалаган. Бул аныктамалар казууларда табылган миңдеген октор салыштырылуу менен жасалган жана табылган жерлерине карата таблицалар түрүндө классификацияланган.



Скифтер менен гунндарга тиешелүү башкача стилде жасалган октор. Узундугу 34,4 мм, эни 9,8 мм, оордугу 4, 8536 гр.; Узундугу 42,3 мм, эни 13 мм, оордугу 6,9833 гр; Узундугу 46,2 мм, эни 16,5 мм, оордугу 8,0367 гр.

Ю.С.Худяков казууларда табылган алгачкы ок түрүн Приобь (Обь бою), экинчисин Забайкалье, үчүнчүсүн болсо, Монголия түрү деп атаган.[13] Бул октордун биринчиси кадимки скиф окторунун өзгөчөлүктөрүнө ээ жана темир жана коло кошулмасынан жасалган.

Аймакта жүргүзүлгөн казуу иштеринде табылган скифтерге тиешелүү куралдар (коло, темир жана жез ок учтары), тыйын жана башка материалдардын айрымдары бүгүнкүгө чейин аныкталып, жарыяланган эмес. Көпчүлүгү Тянь-Шань тоолору аймагында бул багыттагы адистер Горячева, Табалдиев,[14] Камышев, Ташбаева жана башкалары тарабынан жарыяланып, илим дүйнөсүнө таанытылган.[15] Биз да казуу жүргүзгөн ошол маданияттар чөйрөсүндө А.Н.Бернштамдын 1940-жылдардагы казууларында жогоруда сүрөттөрү берилген скиф окторунун б.з.ч. VII-IV кылымдарга тиешелүү өрнөктөрү да табылган.[16]

Октор жана согуш куралдары жаатында эмгектери менен жакшы таанылган профессор Ю.С.Худяков Энесай, Минусинск, Алтай жана Сибирь чөлкөмдөрүндө көптөгөн жылдарга созулган илимий иш-чараларында өтө баалуу материалдарды аныктаган. Ю.С.Худяковдун скиф, гунн, кыргыз жана көктүрк тарыхы боюнча топтогон материалдары түрк элдеринин согуш искусствосу жана колдонгон курал-жарактарынын айрым өзгөчөлүктөрүн кайрадан карап чыгуу зарылчылыгын көрсөтүп турат. Казууларда табылган октор, найзалар, сооттор, ат жабдыктары жана башка буюмдар шедевр катары аныктала турганчалык деңгээлде баалуу жана көп санда.[17] Акыркы жылдары табылган материалдар, аскердик тарыхыбыз жана маданий турмушубуз жагынан чоң мааниге ээ болуу менен бирге согуш өнөрүнүн тарыхына чоң салымдарын кошту.

Төмөндө сүрөттөрү берилген окторго окшош жана стилистикалык өзгөчөлүктөрү бирдей болгон октор Көктүрк Каганатынын чыгыш канатында Ю.С.Худяков тарабынан табылып, жүздөгөн өрнөктөрү менен жарыяланган.[18] Бул октор Көктүрк Каганатынын территориясын белгилөөдө көмөк көрсөтүшү менен да чоң мааниге ээ. Алардын даярдалышында колдонулган металлдар катуу аралашмалардан жана коло, темир кошулмасынан тургандыктан согуштук таасири боюнча бул доордо эң көп колдонулган куралдардан болуп саналат.

Өзгөчө сооттор колдонула баштаган мезгилден тарта сөөк октор калып, дал ушул октор колдонулуп баштаган. Жалпак темирден жасалган

---

[13] Худяков Ю.С.,*Вооружение средневековых..,* 40-41,69,93,105-б.

[14] Табалдиев К.Ш., *Древние памятники Тянь-Шаня.* - Бишкек, 2011. 51, 79-б.

[15] Табалдиев К.Ш.,*Древнетюркский культурный феномен в Центральной Азии.* - Новосибирск, 2007. 47-57-б.

[16] Бернштам А.Н., *Историко-культурное прошлое Северной Киргизии по материалам Большого Чуйского канала.* - Фрунзе, 1943. 53-55-б.

[17] Худяков Ю.С.,*Вооружение средневековых..,* 32-33-б.

[18] Табалдиев К.Ш.,*Вооружение и военное дело кочевников Сибири и Центральной Азии.* - Новосибирск, 2007. 94-95 -б.

чарайналарды колдонгон жоокерлерден (мындай сооттордy негизинен атчан аскерлер кийген) башка аскерлердин соотторуна чоң зыян келтирген мындай октор өтө кеңири территорияга жайылган. Айрыкча өрүлгөн сооттордy оңой эле тешип өткөн октор эң кеңири колдонулган куралдардын арасында орун алат. Ар бир эле ок атчан аскердин сооттун тешип же формасын буза албагандыктан атайын октор даярдалган.

Чарайналарды тешип өткөн октор башкалардан айырмаланып турган жана мындай октор сооттордy тешип өткөн катуу металлдардан жасалган. Бир түрдөгү октордо колдонулган металлдар ар түрдүү процедуралардан өтүп, аралашмалардан ар кандай техникалар менен бекемдиги арттырылган октор даярдалган.



Гунндарга, көктүрктөргө, түргөштөргө тиешелүү октор.

Уз. 64,5 мм, эни 12,7 мм, оорд. 5,5711 гр; Уз. 41,5 мм, эни 10 мм, оорд. 5,1953 гр; Уз. 41,5 мм, эни 10 мм, оорд. 5,1953 гр; Уз. 39 мм, эни 7 мм, оорд. 4,3269 гр

Ю.С.Худяков казууларда табылган биринчи ок түрүн Көкел түрү; экинчисин болсо, так аныкталбаган көктүрк дооруна тиешелүү; үчүнчүсүн Тува түрү деп атаган.[19] Мындай түр жана тип аныктоолору Ю.С. Худяковдун таблицаларына таянуу менен жасалды.

Бул эки отурукташуу аймагы тең б.з. VI. кылымынан баштап көктүрктөрдүн батыш канатын түзгөн маанилүү аймак катары кабыл алынат. Ошол эле учурда бул чөлкөмдүн көктүрктөрдүн батыш канатын түзгөн калктардын арасында орун алган карлуктар менен түргөштөр жашаган аймактарда болгону жалпыга маалым. Ушул эле маданият

[19] Худяков Ю.С.,*Вооружение средневековых..,*40-41,69, 75, 93,105-б.

чөйрөсүнө таандык көп сандаган жаңы коргондор табылды. Шамси аймагында аз да болсо түргөш жана арслани тыйындары кездешет. Тыйындар 1.50 см тереңдикте орун алган сөөктөрдүн жанында, айрымдары отурукташуу аймактарынын калдыктарынан табылган. Тыйындар боюнча (кайсы аймакта, канча санда ж.б.) көбүрөөк маалымат берүү үчүн убакыт тар болгондуктан эң аз учураган өрнөктөрүн берип өтмөкчүбүз.

Беш башка типте басылган арслани тыйындары өтө чоң профессионалдык усталыкта даярдалган. Алардын салмактарынын орточо өзгөчөлүктөрү болсун, колдонулган металлдардын ар башка мезгилде бирдей сапатта иштетилгени болсун, алардын мыкты усталардын колунан чыкканын көрсөтүп турат. Кийинки доорлорго тиешелүү тыйындарда да оордук, узундук жана металлдардын сапаты бирдей сакталган. Тыйындардын бир бетинде руник жазуу, экинчи тарабында болсо, даана окулган согду жазмасы орун алган.



Инал Тегин Фан (Каган) Арслан Билге Каган

Коло жана жезден жасалган Арслани тыйындары.

Диаметри 23 мм, оорд. 4,7827 гр;Диаметри 24,2 мм, оорд. 5,4515 гр.

Согд жазуусу менен 'rsl'n kwyl 'yrkyn б.а.'Arslan kul-yirkin', экинчи бетине болсо, руник жазуу менен R, латын жазуусу менен M, сол жагына A тамгасы түшүрүлгөн.



Арслан Билге Каган Арслан Билге Каган Арслани тыйындары

Диаметри 21 мм, оорд. 3, 1966 гр;Диаметри 21 мм, оорд. 4,2662 гр.

Арслани тыйындары

Диаметри 18, 5 мм;оорд. 2,1387 гр.

Согд уламышы Bγy twrkys γ’γ’n pny’, б.а., Türgis Fanı (Kağanı), тыйындын арткы бетине руникалык жазуу менен R тамгасы түшүрүлгөн.

Жети башка түрдө басылган түргөш тыйындарынын биринчи түрлөрү айрыкча өзгөчөлүктөргө ээ. Оордугу жагынан да бул аймактагы эң биринчи акча түрү катары кабыл алынат. Кездешкен жерлери Шамси аймагы жана Красная Речка менен Кара-Балта шаарларынын тегерегинде орун алган эски отурукташуу аймактары болуп саналат. Бул тыйындардын бетинде эч кандай жазуу жана эн тамга жок.



Биринчи түр катары билинген, ар башка форма жана чоңдукта басылган түргөш тыйындары.

Диам. 9,5 мм, оорд. 0,3646 гр;Диам. 11 мм, оорд. 0,5964 гр;Диам. 15 мм, оорд. 1,0145 гр;

Диам. 13 мм, оорд. 0,7575 гр.



Диам. 24,5 мм, оорд. 5,9774 гр;Диам. 16,5 мм, оорд. 1,1513 гр; Согд алфавити менен βγy twrkyš γ'γ'n pny жазылган жана экинчи бетине түргөш тамгасы түшүрүлгөн.



Диам. 20,5 мм, оорд. 1,8895 гр; Диам. 18,5 мм, оорд. 1,5700 гр.
Согд дастаны “βγy twrkys γ΄γ΄n pny”.



Диам. 13,5 мм, оорд. 0,5179 гр; Диам. 17 мм, оорд. 1,2518 гр.





Түргөш тыйындары
Диаметри 16 мм, оорд. 1,0323 гр.

Ушул эле чөлкөмдө ар башка мазарлар менен отурукташкан аймактарда жогоркудай тереңдикте табылган тыйындар арасында эң кызыктуусу тухустарга тиешелүү болгону. Тухустардын теги бүгүнкүгө чейин так аныкталган эмес. Ф. Сүмердин ою боюнча карлук же карлуктардын уруу биримдиги ичинде орун алган уруулардан бири болуп саналат. Суяб, Билгилиг, Укеш, Лазине, Фарикие шаарларынын тегерегинде Или, Чу жана Талас дарыяларынын арасында жашашкан.

Тыйындарында жана башка материалдарда согду жазмасын колдонгондору алардын Иран-перс урууларынан болуу ыктымалын көрсөтүп турат. Бирок тыйындардын бетиндеги жазуулардын айрым түрк уруулары тарабынан колдонулган эн тамгаларды көрсөтүшүнөн улам тухустардын тогуз огуздар менен туугандык байланышы болушу мүмкүн деген ой да жаратпай койбойт. Кашкарлык Махмуддун сөздүгүндө *тухус*, Худудүл Алемде жана Мервезиде *тухси* деп берилген бул сөз түркчөдө *токсы* деп айтылат.[20] Орто Азиядагы эң кичине тыйынды (жеңил жана

[20] Sümer F., *Oguzlar-Turkmenler.* - Aşgabat, 1999. 60-61-б.

бетинде жазуусу бар) колдонушу жагынан тухус тыйындары металл акча тарыхында биринчилерден болгон. Казуу иштеринде аймакта жүздөгөн тухус тыйыны табылган болсо да, мында бир нече түрүнө гана токтолуп өтөбүз. Тухус тыйындарынын бетиндеги жазууларды окуу жана жаңы табылган түрлөрү менен салыштыруу маселеси нумизматтарды улам жаңы ачылыштарга багыттоодо. Табылган тухус тыйындарынын арасында ар башка түрдөгү, бирок жазуулары окулбаган өрнөктөрү да бар.

Тухус тыйындарында кездешкен **Ψ** формасындагы белги К. Табалдиев тарабынан Кочкор өрөөнүндөгү таштардын бетинен табылган. Ушул эле белги тухустарда уруу же мамлекет символу катары колдонулуп, тыйындарга басылган.[21] Тухус тыйындары боюнча Кыргызстанда А.М.Камышев жана В.Г.Кошевар эмгектенип келет. Бул илимпоздор аныктаган жаңы түрлөр менен типтер аттары билинбеген кагандар менен бийлердин тухус тарыхында орун алуусун камсызкылды.[22] Айрыкча Красная Речка жана Каракол аймагында жүргүзүлгөн илимий иликтөөлөрдө тухус тыйындары өтө көп санда табылган. Талас шаары менен Тараз аймагында да тухус тыйындарынын ар кандай түрлөрү көп кездешет.



Түргөш Каган Фан.

Диам. 13 мм, оорд. 0,7320 гр;Диам. 19 мм, оорд. 1,3611 гр.



Түргөш Каган Фан.

Диам. 16 мм, оорд. 1,1585 гр;Диам. 16 мм, оорд. 0,9226 гр.

---

21 Табалдиев К.Ш., *Древние памятники Тянь-Шаня.* - Бишкек, 2011. 115-б.

22 Камышев А.М., “Монеты Китая из Кыргызтана” //*Нумизматика Центральной Азии,* V. IV. - Ташкент, 1999. 57-65-б; Koşevar V.G., “VII.-XII. Yüzyıllar Arası Yedisu Vadisindeki Ticari İlişkiler Hakkında Yeni Nümizmatik Belgeler II”, Çev. C. Buyar, *Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi,* S. 16.- Bişkek, 2006. 79-88-б.





Тухус тыйындары
Түргөш Каган Фан.
Диам.19 мм, оорд. 2,1193 гр.

Тыйындын бир бетинде tγwss γwβw (Тузус беги жана тридент тамга),
экинчи бетинде
βγy twrkys γ'γ'n pny (Түргөш Каганынын акчасы) деп жазылган.

Карлуктарга тиешелүү тыйындар болсо, Талас аймагында табылып, Кыргызстанда кездешкен бир нече тыйын түрүнөн бири болуп эсептелет. Негизинен Өзбекстанда кездешкен мындай тыйындардын Кыргызстандын территориясында да кезиккени бул аймактарда карлуктардын соода жана аскердик жаатта өкүм сүрүп турганын да көрсөтөт. Же согду соодагерлери аркылуу аймакта товар алмашуу же сатып алуу күчүнө ээ акча каражаты катары колдонулган болушу да ыктымал. Карлуктардын түштүк Казакстанга (Чымкент, Тараз жана Талас аймактары) ээ болуп турганы жана түштүк Кыргызстанда да аскердик жактан таасирдүү болгону белгилүү.[23]

Карлуктар аймакта түргөштөрдөн кийин бийликти колго алуу менен түрк урууларын бириктирип, Тан Династиясына каршы узак убакыт бою күрөшүп келген. Талас салгылашуусунда арабдар менен союздаш болуп, Орто Азиянын тагдырын өзгөртүп, аймакты кытайлардын басып алуусунан куткарган.

[23] Karayev Ö., *Türkler ve Kağanlıkları,* Akt: M. Kalkan.- İstanbul, 2008. 48,55,58,96-б.





Карлук тыйыны

Карлук Каган Көбек (Кебек)

Диам. 19,5 мм,оорд. 1,9117 гр.kwp-’k xwt’w (биринчи сөз pwp-’k болушу мүмкүн) Каган Көбак (?), экинчи бетинде βγy xr’lwγ x’γ’n pny Карлук (Каралук) каганынын акчасы деп жазылган (A. M. Kamışev, www.zeno ru).

Калган тыйындардын да окшош өрнөктөрү да бул аймактан көп табылып, илимий эмгектерде орун алганына карабастан, аз кездешкен карлук тыйыны, Арслани тыйындары жана бүгүнкүгө чейин эч бир жерде кездешпеген Хорезм акчасы да табылган. 2005- жылы www.zeno.ru интернет баракчасына жайгаштырылган бул тыйынды бир кенч издөөчүдөн сатып алган элек. Мындай үлгүнүн бүгүнкүгө чейин дүйнөнүн эч бир жеринде учурабаганы нумизматтардын таң калуусун жаратты. Медальон катары колдонулганы, акча катары басылбаганы жана бүгүнкүгө чейин башка өрнөгүнүн кездешпегени жасалма болуу ыктымалын да туудурбай койгон жок. Аталган үлгү радиоуглероддук анализ үчүн чет мамлекетке жиберилген. Бул анализ үлгүнүн жасалма болушу туурасындагы талаштарды соңуна чыгарат. Хорезм акчаларынан нукуралыгы аныктала турган болсо, Хорезм королдорунун арасына Артрамуш да кошулат. Тыйындын экинчи бетиндеги коооздоо стилинин король Васамар тыйындары менен бирдей өзгөчөлүктөргө ээ болушу да бул королдун Васамардан кийин такка чыкканы тууралуу божомол жаратат. Ошентип, аз гана королу белгилүү Хорезм королдорунан дагы бирөө аныкталган болот.

Тыйындагы өкүмдардын кийими типик скиф королунукуна окшойт жана тыйындын экинчи бетинде королдун атчан аңга бара жатканы чагылдырылган. Скифтерге кийим жана жүз түспөлүнүн окшоштугу да таң каларлык. Аң уулоо сахнасы б.з. III-IV кылымдарына тиешелүү Хорезм акчаларында көрүлгөн кадимки мотивдерден болуп, көптөгөн тыйындарда кездешет, бирок акчанын алдыңкы бетинде королдун түспөлү чагылдырылган тыйын жок. Акчанын алдынкы да, арка да бетинде согду жазмасы же эски пехлеви тилинде руник белги (S белгиси менен жаа) жана символдордон турган композиция бар.

Хорезм акчасы

Сапаттуу күмүштөн жасалган, диаметри 29, 5 мм, оорд. 5, 6216 гр болгон тыйын.

Вайнберг Б1 IV боюнча күмүш S тамгалуу Король Артрамуш (wrtrmws MLK`) маанисин берет. Бирок бул акчанын эң кызыгы королдун шапка кийген сүрөтү абдан эле карапайым тартылганы. Атынын эки эле буту көрүнүп турат.Арка тарабында Король Васамар атчан бүркүтү менен аң уулоодо (www.zeno.ru).

Монгол жана Караханид мамлекети доорлоруна тиешелүү октор, технологиясы жагынан изилденгенде жана колдонулган металлдардын өзгөчөлүктөрү да эске алына турган болсо, маанилүү айырмачылыктарды көрүүгө болот. Ошол эле мезгилде колдонулган Караханид окторунун жасалуу техникасы жана колдонулган материалдардын сапатынын төмөн болушуна байланыштуу узак аралыктарга атууда таасирдүүлүгүнүн төмөндүгү белгиленген. Караханид мамлекетине тиешелүү башка октор изилдегенде (алар аймакта көп санда кездешет) булардын жез, коло аралашмасы же темирден даярдалганын көрүүгө болот. Камышев жана башка илимпоздордун колундагы караханид октору кичинекей октор.

Бул октор жөө жоокерлер менен соотсуз жоокерлер үчүн колдонулган болушу мүмкүн. Мазарлардагы сөөктөрдөн табылган октордун камыш жана жыгач бөлүктөрү чирип кеткендиктен толук изилдөө мүмкүн болбоду. Кичинекей жана жеңил металлдардан жасалган октордун алыс аралыкка жетүү мүмкүнчүлүгү бар, бирок таасирдүүлүгү төмөн болгон. Аралык алыстаган сайын октун таасирдүүлүгү төмөндөөрүн эске ала турган болсок, анын соотсуз жоокерлер үчүн колдонулуш мүмкүндүгү жөндүү көрүнөт.

Казуу иштеринде Шамсиде табылган жана XIII кылымга тиешелүү деп белгиленген октор (ар башка эки түр) Алай аймагында К. Табалдиев тарабынан да табылган. К.Табалдиев тапкан түрлөр анын эмгектеринде

орун алган, колдонулган материалдар жана жасалуу техникасы жагынан алардын өтө өнүккөн түрлөрдөн болгонун көрүүгө болот.[24]



Монгол октору Караханид октору

Уз. 126,5 мм, эни 44,5 мм, оорд. 26,3930 гр;Уз. 115 мм, эни 12,5 мм, оорд. 13,6454 гр; Уз. 24,5 мм, эни 18 мм, оорд. 3,1097 гр;Уз. 34 мм, эни 12,3 мм, оорд. 3,8746 гр.

Монгол дооруна тиешелүү жогорудагы эки ок түрү Ю.С.Худяков тарабынан Табатада табылып, XIII кылымга тиешелүү деп аныкталган жана табылган жерлерине жараша биринчиси Терен-Тербен Жол, Үстүнкү Тербен, Конгуре, экинчиси Тербен Жол деп аталган.[25] Айрым өрнөктөрү жогоруда стилистикалык өзгөчөлүктөрү менен бирге берилген окторду согуш искусствосу жагынан ушул эле аймакта жайгашкан башка маданияттарга тиешелүү өрнөктөр менен салыштырганда бир топ айырмачылыктарды көрүүгө болот. Айрыкча монгол окторунун металынын сапаты жана чоңдугун эске ала турган болсок, башка окторго караганда абдан өнүккөнүн байкоого болот. Оор металлдан даярдалган октордун жакын аралыктагы атыштарда колдонулганы жалпыга маалым. Жайык баштуу монгол огу бир аттын сөөгүндө табылып, экинчиси болсо, ушул эле аймакта табылган кишинин сөөгүнөн чыккан.

Бул монголдордун согуш учурунда атчан аскерлердин кыймылын чектөө максатында караханиддердин аттарын атканын көрсөтүп турат. Ушундай эле жагдай башка сөөктөрдө да кездешкендиктен ушундай тыянак чыгарылган. Согуштун жазылбаган эрежелери боюнча салгылашуу учурунда душмандын атын атуу туура эмес болгон, бирок эч кандай эрежеге баш ийбеген каракытай жана монгол аскерлеринин бул эрежени сактаганы туурасында шек саноого болот.

24 Табалдиев К.Ш., *Древние памятники Тянь-Шаня*. - Бишкек, 2011. 170-183-б.
25 Худяков Ю.С., *Кыргызы на Табате*. - Новосибирск, 1982. 218-220-б.

Белгилүү табылгаларга таянуу менен жасалган аныктоолор түрктөргө тиешелүү курал-жарактардын өзгөчөлүктөрүн жана согуш искусствосунун өнүгүүсүн ачып көрсөтүшү жагынан өтө маанилүү болуп эсептелет.

*Докладда орун алган табылгалар (шакек, топчу, курдун тогоосужана айрым тыйындар) биринчи жолу көрсөтүлүүдө, мындан мурда эч бир илимий эмгекте орун алган эмес.

## Колдонулган адабияттар:


Батманов И.А., Язык енисейских памятников древнетюркской писменности. -Фрунзе: Из. АН КССР. 1959.

Бернштам А.Н., *Археологический очерк Северной Киргизии.* - Фрунзе: СНК.КССР. 1941.

Бернштам А.Н., *Историко-культурное прошлое Северной Киргизии поматериалам Большого Чуйского канала.* - Фрунзе: АН. КССР. 1943.

Зяблин Л., *Второй буддийский храм Ак-Бешимского городища.* – Фрунзе: Издательство АН КССР. 1961.

Камышев А.М., “Монеты Китая из Кыргызстана” // *Нумизматика Центральной Азии,* V. IV.- Ташкент, 1999.

Камышев А. М., *Раннесредневековый монетный комплекс Семиречья.* - Бишкек: http://siteistok.host.net.kg/bibl/Kamyshev. 2002.

Мокрынин В.П., *По следам прошлого.* - Фрунзе: Госкомиздат КССР. 1986.

Рымбекова Н., *Историко-культурные памятники Прииссыкулья.* - Бишкек: Илим. 2000.

Табалдиев К.Ш., *Древние памятники Тянь-Шаня.* - Бишкек: Университет Центральной Азии. 2011.

Худяков Ю.С., *Вооружение и военное дело кочевников Сибири и Центральной Азии.* - Новосибирск: НГУ, 2007.

Худяков Ю.С.,*Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии.* - Новосибирск: Издательство Наука, 1986.

Худяков Ю.С., *Древнетюркский культурный феномен в Центральной Азии.* - Новосибирск: НГУ, 2007.

Худяков Ю.С., *Кыргызы на Тибете.* - Новосибирск: Издательство Наука, 1982.

Aşık A., *Kırgızistan'daki Kazı Bölgeleri ve Bu Kazıların Değerlendirilmesi,* Danışman: Prof.Dr. K. Tabaldiyev, Yayınlanmamış Master Tezi.- Bişkek: Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü, 2006.

Karayev Ö., *Türkler ve Kağanlıkları,* Akt: M. Kalkan. - İstanbul: Bilge Kültür ve Sanat Yayınları, 2008.

Koşevar V.G., "VII.-XII. Yüzyıllar Arası Yedisu Vadisindeki Ticari İlişkiler Hakkında Yeni Nümizmatik Belgeler II", Çev. C. Buyar, *Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi,* S. 16.– Bişkek, 2006.

Melyukova A. İ., "İskitler ve Sarmatlar", Çev. A. Şenel, Der. D. Sinor, *Erken İç Asya Tarihi.* - İstanbul: İletişim Yayınları, 2009.

Ögel B., *İslamiyetten Önce Türk Kültür Tarihine Giriş.*- Ankara: Türk Tarih Kurumu Yayınları, 1991.

Sümer F., *Oguzlar-Turkmenler.* - Aşgabat: Türk Tarih Kurumu Yayınları, 1999.